**“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна**

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Максат жана милдети**

Аталган Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору соттук процессти жакшыртуу, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин (мындан ары текст боюнча – КР КЖПК), Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин (мындан ары текст боюнча – КР КЖК), Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин (мындан ары текст боюнча – КР УБК), ошондой эле Граждандык кодексин (мындан ары текст боюнча – КР ГК) натыйжалуу ишке ашыруу жана колдонуу максатында иштелип чыккан.

Киргизилген мыйзам долбоор менен бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө ченемдерге өзгөртүүлөрдү киргизүү; жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча иштерди кайра баштоо институтун өркүндөтүү; алгачкы текшерүү, алдын ала тергөө, прокуратура жана сот органдарынын мыйзамсыз аракетинен улам келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик жөнүндө ченемге өзгөртүүлөрдү киргизүү; мас абалында айдоо үчүн транспорт каражаттарын башкаруу укугунан ажыратуу; ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн кодекстерди колдонууда аныкталган айрым бир техникалык кемчиликтерди жана каталарды оңдоо, карама-каршылыктарды жана мүчүлүштүктөрдү четтетүү сунушталат.

Мыйзам долбоору кылмыш иштери боюнча сот өндүрүшүнүн сапатын жогорулатууга, ошондой эле процессуалдык мыйзам ченемдердин туура жана бирдей колдонууну камсыз кылууга максатталган.

**2. Баяндоочу бөлүгү**

КР КЖПК, КР КЖК, КР УБК жана КР ГК оңдоолор сот өндүрүшүн жакшыртууга, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо кепилдиктерин толук камсыз кылууга багытталган.

Адамга карата кандайдыр бир бөгөт коюу чараларын, ошондой эле кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуунун башка чараларын колдонуу адамдын укуктарын ишке ашыруусун чындыгында чектейт, ошондуктан алар тергөө судьясынын, соттун чечими менен гана ишке ашырылууга тийиш.

2021-жылдын 11-апрелинде референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясында (мындан ары текст боюнча – Конституция) ар бир адамга Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет (61-берененин 1-бөлүгү), ошондой эле Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей деп белгиленген (24-берененин 2-бөлүгү).

Мындан тышкары, КР КЖПК ченемдери (13-берененин 1-бөлүгү, 18-берененин 1 жана 2-бөлүктөрү) кылмыш-жаза процессинин негизги принциптерин камтыйт: ар бир адамга кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык баскычында анын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоого кепилдик берилет; кылмыш-жаза сот өндүрүшү айыптоо жана коргоо тараптарынын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашырылат; айыптоо, коргоо жана сот тарабынан ишти чечүү бири-биринен ажыратылган жана ар түрдүү органдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Негизинен алганда, «кылмыш куугунтугу» түшүнүгү «кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө жосунсуз жоруктарды болтурбоо чаралары» түшүнүгүн камтый албайт.

Конституциянын 31-беренесинде белгиленген ар бир адамдын Кыргыз Республикасынын аймагында эркин жүрүү, барган жана жашаган жерин тандоо укугу тергөөчүнүн жана прокурордун чечими менен чектелиши мүмкүн эмес, анткени Конституциянын 23-берененин 1-бөлүгүнө ылайык адам укуктары жана эркиндиктери ажыратылгыс жана алар ар бир адамга төрөлгөндөн баштап таандык. Алар абсолюттук, ажыратылгыс жана кимдир бирөөнүн кол салуусунан мыйзам жана сот аркылуу корголгон деп таанылат.

Конституциянын жогоруда көрсөтүлгөн ченемине ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-главасында камтылган жеке укуктар жана эркиндиктер ар бир адамдын жеке жашоосуна, турак жайына жана өзүнө таандык же ээлик кылган башка объектилерине кол тийгис укуктары мыйзамга ылайык жана сот чечиминин негизинде гана чектөөгө жол берилет.

Сот мүлктү камакка алуу бөлүгүндө конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди убактылуу чектөө маселелерин чечээрин (Конституциянын 40-беренеси – мүлккө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээлик кылуу, пайдаланууга жана тескөө укугу); атайын тергөө аракеттерин жүргүзөөрүн (Конституциянын 29-беренеси – кат-кабар алышуунун, телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдүн, почта, телеграфтык, электрондук жана башка кабарлашуулардын купуялуулугуна укугу); тинтүүнү жана алып коюуну жүргүзөөрүн (Конституциянын 30-беренеси – турак жайга жана башка объекттерге кол тийгис укугу); ээлеген кызматтан четтетүү маселесин (Конституциянын 42-беренеси – эмгек эркиндигине укугу); камакка алуу, үй камагына алуу (Конституциянын 59-беренеси – адамдын эркиндигине жана жеке кол тийгистикке укугу); жана күрөө маселесин эске алуу менен (Конституциянын 40-беренеси – мүлккө, өз ишмердигинин натыйжаларына ээлик кылуу, пайдаланууга жана тескөө укугу), эркиндигинен ажыратуу менен байланышпаган бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө маселелерди чечүү үчүн сотторго ыйгарым укуктарды берүү максатка ылайыктуу.

Конституциянын 31-беренесинин 2-бөлүгүндөгү чыгуу укугу мыйзамдын негизинде чектелет деп каралгандыктан, соттун чечими талап кылынбайт деген бүтүм негизсиз. Анткени бардык учурда жогоруда саналып өткөн укуктарды жана эркиндиктерди чектөөдө соттун чечиминин зарылдыгы жөнүндө түз көрсөтмө Конституцияда камтылбашы мүмкүн.

Белгилей кетсек, 1990-жылдын 14-декабрындагы Башкы Ассамблеянын 45/110 резолюциясы менен кабыл алынган Бириккен Улуттар Уюмунун түрмө абагына байланышпаган чараларга карата минималдуу стандарттык эрежелеринин (Токио эрежелери) 3.3 жана 3.4-пункттарына ылайык соттук же башка компетенттүү көз карандысыз орган соттун бардык стадияларында толук жоопкерчиликти камсыз кылуу аркылуу жана мыйзамга ылайык гана өзүнүн дискрециясын ишке ашырат жана формалдуу соттук териштирүүгө же соттук териштирүүгө чейин же анын ордуна укук бузуучунун макулдугун талап кылган, түрмө абагына байланышпаган чараларды колдонот.

Конституцияда эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери жана ченемдери, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдер Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналат деп жарыяланган (6-берененин 3-бөлүгү).

Конституциянын 95-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, судьялар көз карандысыз, Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийет. Ал эми тергөөчү айыптоо тарабы болуу менен толук объективдүү боло албайт, ошондуктан тергөөчү тигил же бул бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүч менен гана кайрылышы керек.

Мындан тышкары, кандайдыр бир бөгөт коюу чарасын колдонуу, өзгөртүү жана жокко чыгаруу жөнүндө маселелери тергөө судьясы тарабынан чечилиши – бул атаандаштык принциби сакталган жалгыз ыкма болуп саналат, ал эми айыптоочу жана

жактоочу тараптар шектүүгө, айыпкерге карата жалпысынан тигил же бул бөгөт коюу чарасынын колдонуу зарылдыгын же, тескерисинче, мүмкүн эместигин сотто далилдөөдө бирдей укуктарга ээ.

Ошондой эле белгилей кетсек, тергөө судьялары тарабынан бөгөт коюу чараларынын ичинен камак, үй камагы же күрөө түрүн колдонуудан башка ыйгарым укутары жок болгондуктан, аларга альтернатива катары тергөө судьялары тарабынан башка бөгөт коюу чараларын колдонууга мүмкүндүк бербейт.

Жогорудагы негиздеме тергөө судьясын бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүчтөрдү канааттандыруудан баш тартканда же аларды колдонуунун мөөнөтүн узартууда айыпталуучунун абалын начарлатпай турган башка бөгөт коюу чарасын колдонууга милдеттендирген ченемди өзгөртүүдө да келтирилет.

Тергөө судьясы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жана сотко чейинки өндүрүштү талаптагыдай жүргүзүү максатында айыптоочунун же жактоочунун тарабында болбостон, судья катары өзүнүн алдында турган милдеттерди чечет: айыпталуучунун укуктарын жана эркиндиктерин чектеген чараларды колдонуу; тергөөчүнүн жана прокурордун процессуалдык аракеттеринин жана чечимдеринин мыйзамдуулугуна соттук көзөмөлдү жүзөгө ашыруу; тараптардын процессуалдык милдеттерин аткаруусу жана аларга берилген укуктарды ишке ашыруусу үчүн зарыл шарттарды түзүү.

Белгилүү бир бөгөт коюу чарасын, анын ичинде айыпталуучунун абалын начарлатпай турган башка бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө чечим кабыл алууда тергөө судьясы кылмыш ишин андан ары жүргүзүү үчүн шарттарды камсыз кылуу үчүн зарыл болгон бөгөт коюу чарасын тандоонун юридикалык жана фактылык негиздерине таянат. Конституцияда камоого жана эркиндигинен ажыратууга соттун чечими боюнча гана жол бериле тургандыгы белгиленген, ошону менен адамды соттун чечимисиз эркиндигинен ажыратуу мүмкүндүгүн жокко чыгарат, ал КР КЖПК 106-беренесинде көрсөтүлгөн жагдайларды эске алуу менен чыгарылат.

Ушуга байланыштуу бөгөт коюу чарасын колдонуунун белгиленген тартибин өзгөртүү жана бөгөт коюу чарасы – айыпталуучуга карата тергөө судьясы, сот тарабынан колдонулуучу адамдын укуктарын жана эркиндиктерин убактылуу чектөөчү чара деп белгилөө сунушталууда.

Ошондой эле мыйзам долбоору менен КР КЖПК тергөө судьясынын чечимдерине кассациялык тартипте даттанууну камсыз кылуу сунушталууда. Тараптар апелляциялык инстанциядагы соттун кылмыш жасоого шектенүү боюнча адамды кармоонун мыйзамдуулугу же мыйзамсыздыгы, негиздүүлүгү же негизсиздиги, алып коюуну жана тинтүүнү өндүрүшү, күрөө, үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө же андан баш тартуу жөнүндө чечимдерине кассациялык тартипте даттанууга укуктуу.

Конституцияда соттук коргоого укукту жана ишти жогору турган сот тарабынан кайра кароо укугун чектөөгө жол берилбестиги белгиленген, бул ар бир адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берерин, ошондой эле сот актысына жогору турган сотко, анын ичинде кассациялык инстанцияга даттануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушун билдирет.

Процессуалдык чечимдер тергөө судьясынын жана апелляциялык инстанциянын баа берүүсү менен чектелбестен, мыйзамда белгиленген сот актыларын кароо системасынын бардык этаптарынан, анын ичинде кассациялык инстанциядан да өтөт. Мына ушундай учурда гана соттук коргоо кепилдиги жана анын ажырагыс бөлүгү – ишти жогору турган сот тарабынан кайра кароо укугу боюнча конституциялык кепилдиктердин аткарылышы толук деп эсептелиши мүмкүн.

Кассациялык өндүрүш институту соттук каталарды оңдоонун эң эффективдүү механизмдеринин бири болуу менен адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун эң маанилүү кепилдиги, ал эми төмөнкү соттор тарабынан бузулган учурда аларды

калыбына келтирүүнүн негизги жолу болуп саналат. Ошону менен бирге, кассациялык соттун негизги милдети материалдык жана процессуалдык укуктун ченемдерин туура колдонууну текшерүү жана бул аркылуу сот адилеттигинин жана мыйзамдуулуктун конституциялык принциптерине жооп берген бирдиктүү укук колдонуу тажрыйбасын түзүү болуп саналат.

Соттук тажрыйбанын жана статистикалык маалыматтардын негизинде (2017-2021-жылдар аралыгында) тергөө судьясынын актыларына кассациялык инстанцияга даттануу Жогорку соттун судьяларынын иш жүгүн жогорулатууга алып келбейт, анткени биринчи инстанциядагы сотко келип түшкөн соттук материалдардын жалпы санына карата апелляциялык инстанцияга тергөө судьяларынын сот актыларына даттануусу орточо эсеп менен 15%ды түзөт. 2017- жана 2018-жылдардын маалыматтары боюнча, соттор тарабынан үй камагы жана камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы боюнча кабыл алынган сот актыларынын көзөмөлдөө инстанциясындагы сотуна даттануусу биринчи инстанциядагы сотко келип түшкөн соттук материалдардын жалпы санынын орточо 2,5%ын түзгөн, бул болжол менен жылына 214 соттук материалдарды түзөт.

Мыйзам долбоору жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо институтун жакшыртууну сунуштайт.

Кылмыш иши боюнча мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысын кайра карап чыгуу жана кылмыш ишин туура чечүү үчүн маанилүү болгон жагдайларды сот билбегендигининин натыйжасында кетирилген сот катасын оңдоо адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоонун натыйжалуулугунун зарыл шарты, ошондой эле сот адилеттигинин жана сот актыларынын туруктуулугу сыяктуу баалуулуктарды сактоо болуп саналат.

Каралып жаткан институттун конституциялык-укуктук негизи болуп Конституциянын жоболору саналат, алар ар бир адамга эч кандай чектөөлөргө дуушар болбогон сот аркылуу коргоого кепилдик берүүсү; кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон ар бир адамдын өз ишин мыйзамда аныкталган тартипте жогору турган сотто кароо укугун камсыз кылуу.

Жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо институтунун сунушталып жаткан редакциясы жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоонун тартибин белгилөөнү камтыйт, анткени колдонуудагы кылмыш-жаза процессуалдык мыйзам аталган иштерди козгоо тартибин жөнгө салбайт.

Кыргыз Республикасынын колдонуудагы КР КЖПК бардык учурларда жаңы же кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо жөнүндө өтүнүч өкүмдү же башка сот чечимин чыгарган сотко бериле турган эреже бекитилгендигин белгилейбиз.

Бирок мындай эреже белгилүү бир бөлүгүндө жеткилең эмес жана соттун негизги функциясына жана атаандаштык принцибине карама-каршы келет.

Жогорку соту тарабынан сунушталган мыйзам долбоору менен прокурорго КР КЖПК 451-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган учурда кайтадан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоо укугун берүү каралган, ошол эле учурда прокурордун процессуалдык чечимдерине тараптардын даттануу укугун камсыз кылуу менен.

Мындай сунуш иш боюнча жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар болгон учурда текшерүүнү, ал тургай өзүнчө тергөө аракеттерин жүргүзүү зарыл экендигине негизделет, андан кийин прокурордун корутундусу кайтадан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү кайра баштоонун зарылдыгы жөнүндө келип чыгат.

Соттун укуктук мүнөзүнө жана анын негизги функцияларына байланыштуу КР КЖПК 451-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктунда каралган учурда сот кайтадан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоо албайт, анткени ал иликтөө функцияларына ээ эмес.

Мисалы, кайтадан ачылган жагдайлар боюнча ишти кайра баштоо өтүнүчүндө өлтүрүлдү деп эсептелген адамдын тирүү экени көрсөтүлгөн. Бул фактыны аныктоо үчүн комплекстүү текшерүү зарыл: бул адамды жана анын инсандыгын тастыктаган

документтерди издөө; сурактарды жана башка тергөө аракеттерин жүргүзүү. Кайтадан ачылган жагдайлар боюнча иштерди кайра баштоо стадиясында соттун текшерүү иш-аракеттеринин комплексин жүргүзүүгө физикалык жана процессуалдык мүмкүнчүлүгү жок, анткени бул функция сот үчүн адаттан тыш болуп саналат. Мындай учурларда прокурор кайтадан ачылган жагдайлар боюнча өндүрүштү козгоого тийиш, анткени жагдайлардын мүнөзү өкүмдөрдү, аныктамаларды жана чечимдерди жокко чыгаруу же өзгөртүү үчүн негиз болуп саналган жагдайлардан таптакыр айырмаланат, ошондуктан, бул жагдайларды аныктоого байланыштуу алардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүүнүн өзгөчө жол-жобосу зарыл.

КР КЖПК 119-беренесине ылайык сотко чейинки өндүрүштөгү айдап келүү алгачкы тергөө органы, ал эми соттук өндүрүштө – сот приставы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку соту айдап келүү боюнча сот приставынын милдетин алып салууну сунуштоодо.

Кылмыш-жаза процессуалдык функция – бул кылмыш процессинин тигил же бул катышуучусунун ишке катышуунун ролуна, милдеттерине жана максатына байланыштуу кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамда белгиленген иш-аракетинин түрү.

Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзам кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын негизги кылмыш-жаза процессуалдык функцияларын так бөлүп жана жөнгө салат. Бул функцияларга айыптоо функциясы (кылмыш куугунтугу), айыптоодон коргоо функциясы жана ишти чечүү функциясы кирет. Бул кылмыш-жаза процессуалдык функциялар негизги болуп саналат, анткени аларды ишке ашыруу кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн милдеттерин ишке ашыруу менен байланышкан.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө айыптоо (кылмыш куугунтуктоо) функциясын прокурор, тергөөчү, алгачкы текшерүү органдары ж.б. камтыган айыптоочу тарап ишке ашырат.

КР КЖПК 39-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, алгачкы текшерүү органы айыптоо тарап болуп эсептелгендиктен, айдап келүүнү жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы күнөөнү далилдөө түйшүгүн прокурорго, башкача айтканда, айыптоочу тараптан процесстин катышуучусуна жүктөйт. Демек, айыптоочу тарапты соттук териштирүүгө тартуу айыптоочу тарапка жүктөлүшү керек, анткени сот ишти чечүү функциясын гана аткарат. Ошол эле учурда сот калыс жана объективдүү болушу керек.

2016-жылдын 5-августундагы №164 «Сот приставдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, сот приставдары бийликтин сот бутагынын тутумундагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин алдында турат

Жогорудагы мыйзам менен сот приставына төмөнкүлөр боюнча милдеттер жүктөлөт: сот жыйналышы убагында имаратта, залдарда жана жайларда, ошондой эле көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарда жана жайларда коомдук тартипти камсыз кылуу жана сактоо; соттордун имараттарын жана жайларын, сот приставдары кызматынын имараттарын жана жайларын, ошондой эле көчмө сот жыйналышы өткөрүлүп жаткан имараттарды жана жайларды кайтарууну камсыз кылуу; судьяларды жана процесстин башка катышуучуларын коргоону камсыз кылуу ж.б.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын кылмыш-жаза процессуалдык функцияларын мыйзамдык жактан ажыратууга жана жөнгө салууга жана тараптардын атаандашуу принцибине байланыштуу мыйзам долбоорунда айдап келүү боюнча соттук аткаруучунун милдетин алып салуу сунушталууда.

Ошол эле учурда соттук отурумдардын басымдуу көпчүлүгү процесстин айрым катышуучуларынын келбей калгандыгына байланыштуу кийинкиге жылдырылып жатканын эске алуу керек. Бул ишти кароо мөөнөтүнүн бузулушуна жана жарандардын наразычылыгынын негизги себеби болуп саналат. Азыркы учурда сот приставдарынын

күчтөрү жана каражаттары мындай функцияларды аткарууга ылайыкталган эмес. Ошол эле учурда кылмыш ишин тергеп жаткан органдар тиешелүү текшерүүлөрдү жүргүзбөстөн, иш боюнча күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын даректерин өз сөзүнөн көрсөтүп беришет. Көрсөтүлгөн даректер, адатта, чыныгы жашаган жерине дал келбейт, же адамдар жашаган жерин алмаштырышат. Ушуга байланыштуу катышуучулардын келүүсүн айыптоо жана жактоо тараптары, айдап келүүсү – алгачкы текшерүү органы тарабынан гана камсыз кылынууга тийиш.

КР КЖПК 5 жана 32-беренелерине киргизилген өзгөртүүлөр КР КЖПК жабырлануучунун же күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөөнүн негиздерин жөнгө салуучу 205-беренесине ылайык келтирилди.

Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзам кылмыш-жаза процессуалдык укуктун негизги булагы болуп саналат. Бирок кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө кээде жалпы принциптерди, жана соттук практиканы камтыган башка булактарга кайрылуу зарылчылыгы келип чыгат. Буга байланыштуу КР КЖПК 7-беренесине тиешелүү өзгөртүү киргизилүүдө.

Иштин жагдайларын изилдөөнүн ар тараптуулук, толуктук жана объективдүүлүк принциби алынып салынууга тийиш, анткени азыркы учурда кылмыш-жаза процесси атаандаштык принцибине негизделет, көрсөтүлгөн принципке карама-каршы келет жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүк принцибинин жоболорун камтыйт.

Иш жүзүндө адамдар негиз жок болсо да кармалып жатканын эске алуу менен, КР КЖПК 96-берененин 1-бөлүгүнүн жаңы редакциясында шектүүгө карата камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасы колдонулат деген негиз болгондо гана камакка алуу сунушталууда.

КР КЖПК 120-беренесине өзгөртүүлөр киргизилди, анткени айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү – тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясы тарабынан сотко чейинки өндүрүштө колдонулуучу кылмыш ишин камсыз кылуу чарасы болуп саналат (32-берененин 1-бөлүгүнүн 7-пункту). Жогорудагы чечимди чыгарууга сот компетенттүү эмес.

Соттук териштирүүгө катышкан жактарга кабарлоо тартибин өркүндөтүү бул жол-жоболук ченемдерди аткаруу олуттуу материалдык чыгымдарды жана убакытты талап кылат.

Киргизилип жаткан оңдоолор жогоруда көрсөтүлгөн чыгымдарды төмөндөтүү менен процессуалдык мыйзамдардын талаптарын сактап, тараптарды байланыштын башка каражаттарын колдонуу менен кабарлоону жакшыртат.

Байланыштын башка каражаттарын колдонуу - бул талаптагыдай электрондук кабарландырууну киргизүү, ал деген катышуучуларга өз убагында сотко келүүгө жана даярданууга убактысынын болушун эсепке алуу менен ишке катышуучу же башка жактарга уюлдук телефон аркылуу (СМС-кабарлоо) же электрондук почтага жеткирүүнү камтыйт.

КР КЖПК 301-беренесине бир катар өзгөртүүлөр киргизилип жатат, алар учурда кылмыш иштерин каттоо Кылмыштардын бирдиктүү реестринде жүргүзүлүп жаткандыгы менен негизделет. «Сот» жана «Кылмыштардын бирдиктүү реестри» автоматташтырылган маалыматтык системаларын интеграцияланышына, ошондой эле сотко чейинки өндүрүштө да, соттук териштирүүдө да иштин номерлерин ыйгаруу тартибине байланыштуу прокурорго айыпталуучунун келүүсүн камсыз кылуу боюнча токтом гана жөнөтүлүшү мүмкүн эмес.

Айыпкердин келүүсүн камсыз кылуу жана (же) издөөнү уюштуруу үчүн прокурорго бүтүндөй иш соттун чечими менен кайтарылып берилет, андан кийин соттун чечими аткарылууга жатат. Эгерде айыпталуучу табылса, иш кайрадан чечим чыгаруу үчүн сотко жөнөтүлөт.

Сот прокурордун көзөмөлдүк органы болуп эсептелбейт жана соттун чечимдери милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш, мындан тышкары, сот кылмыш куугунтуктоосу

менен алектенбегендигин эске алуу менен, айыптын маңызы боюнча чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгү жок сотто кылмыш ишинин болушу орунсуз көрүнөт.

Аталган берененин 5-бөлүгү кылмыш ишин сотто кароонун бардык эрежелерине жана жол-жоболоруна карама-каршы келет. Иш сотто айыпкердин катышуусу менен гана каралаарын эске алуу менен анын катышуусу милдеттүү, ал эми келбей калса, иш прокурорго жөнөтүлөт. Бул эрежени иш жүзүндө колдонуу, эгерде ал бири-бири менен байланышпаса, коюлган айып боюнча айыпталуучунун пайда болушун эске алуу менен бир иш боюнча бир нече түрдүү сот отурумдарын дайындоого алып келиши мүмкүн.

Тергөө учурунда кылмыш иштерин бириктирүү жана бөлүү эрежелерин так сактоо зарыл. Сотко чейинки өндүрүштө кылмыш иштерин бириктирүүнүн (бөлүүнүн) элементардык эрежелерин сактабоо айыпкердин коргонуу укуктарын одоно бузуп, алардын абалын начарлатат, ар кандай кылмыш иштери боюнча бир адамга 5-6 же андан да көп өкүм чыгарган соттун өкүмүн жасалма түрдө түзүүгө алып келет.

Токтотуп туруу жана кийинкиге калтыруу иш боюнча аны кароого тоскоолдуктар болгондо, сотко эң аз процессуалдык чыгымдар менен абалдан чыгууга мүмкүндүк берген эки башка процессуалдык институт экендигин эске алуу менен, 301-берененин 8-бөлүгүндө «кийинкиге калтырылган» деген сөздү «токтотуп турган» деген сөзгө алмаштыруу туура көрүнөт.

Кийинкиге калтыруу үчүн негиздер соттук териштирүүгө даярдануу бөлүгүндө да, соттук териштирүүнүн башка бөлүктөрүндө да келип чыгышы мүмкүн жана ишти кароонун башталышы ушуга жараша болот: же кайра, же ишти кароону улантуу. Ал эми иш токтотулган учурда ал токтотулган учурдан тартып кайра кароону улантууга болот.

КР КЖПК 401-беренеси деталдуу түрдө жөнгө салынууга тийиш, анткени биринчи инстанциядагы соттун чечимдери соттук териштирүүлөрдүн жүрүшүндө жана сотко чейинки өндүрүшүндө чыгарылган чечимдерге бөлүнөт (мисалы: соттук териштирүүнү дайындоо жөнүндө токтом (соттук териштирүүнү кароонун орду, убактысы ж.б.); жактоочуну дайындоо жөнүндө токтом; тизмелер боюнча катышуучуларды чакыруу жөнүндө токтом; ишти жабык сот заседаниесинде кароо жөнүндө токтом; айыпкер жокто сот заседаниесин өткөрүү жөнүндө токтом; сот отурумунун протоколуна сын-пикирлерди күбөлөндүрүү жөнүндө токтом).

КР КЖПК 401-берененин 3-бөлүгүнүн 2, 4, 6 жана 7-пункттарында кайсы токтомдор даттанууга тийиш экендиги так көрсөтүлгөн эмес. Мисалы, 4-пунктта, эгерде соттук териштирүүнүн жүрүшүндө кабыл алынган кылмыш иши боюнча судьянын чечими айтылса, анда ал иш боюнча акыркы чечим менен бирге даттанылышы мүмкүн.

КР КЖПК 401-беренесинин 4-бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөр даттануулар жана сунуштар чечимди же даттанылган башка чечимди чыгарган сотко берилгендигине байланыштуу, апелляциялык сотко эч кандай даттануулар же сунуштар берилбейт.

КР КЖПК 407-беренеси ишти биринчи инстанциядагы сотко кайтаруу тартиби көрсөтүлбөгөндүктөн, апелляциялык инстанция тарабынан даттанууну же сунушту кайтарып берүүнүн эрежелери жана тартиби менен толуктоого жатат.

Мыйзам долбоору менен 19, 283, 303, 410-беренелерине кылмыш ишин жүргүзүүнүн акылга сыярлык мөөнөтүнө өзгөртүү киргизүү сунушталууда. Киргизилип жаткан өзгөртүүлөр кылмыш ишин козгоо үчүн негиздүү мөөнөттү сактоо зарылдыгына багытталган.

Белгилей кетсек, бул эреже эл аралык стандарттарда бекитилген. 1950-жылдын 4-ноябрындагы Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Конвенциянын 5-беренесинин 3-пунктунда камакка алынган же кармалган ар бир адам тез арада судьянын же мыйзам тарабынан сот бийлигине ээ болгон башка кызмат адамынын алдына жеткирилиши керек экенин белгилейт жана негиздүү мөөнөттүн ичинде соттук териштирүүгө же соттук териштирүүгө чейин бошотууга укуктуу. Жогорудагы актынын 6-беренесинин 1-пунктуна ылайык, ар бир адам өзүнүн жарандык укуктарына жана милдеттерине байланыштуу талаш-тартыш болгондо же ага карата

кандайдыр бир кылмыш иши козголгон учурда мыйзам тарабынан түзүлгөн көз карандысыз жана калыс сот тарабынан негиздүү мөөнөттө адилет жана ачык каралууга укуктуу.

«Негиздүү мөөнөт» түшүнүгү баа берүүчү болгону менен, биринчи кезекте кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамда бекитилген кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн жалпы шарттары сакталууга тийиш. Тигил же бул процессуалдык мөөнөт бүтсө, анда негиздер болсо, ал узартылууга тийиш.

Мындан тышкары, соттук ыксыз создуктурууларды жоюу максатында соттук териштирүүнү «ар бир жолу 2 айга чейин» дегенди «иш боюнча жыйынтыктоочу чечим чыгарууга чейин негиздүү мөөнөткө узартылат» дегенге алмаштыруу сунушталууда.

КР КЖПК 27-беренесинин 1-бөлүгүнө киргизилген өзгөртүүлөр КР КЖПКнин 56-главасына ылайык келтирилди.

КР КЖПК 56-главасынын ченемдери жалпысынан адамдардын айрым категорияларына карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн өзгөчө, татаал жол-жобосун караштырат, аларга кошумча процессуалдык кепилдиктерди берүү, алар жасалган кылмыштар үчүн жоопкерчиликти жокко чыгарбастан, кылмыш куугунтуктоо жол-жоболорун белгилүү бир татаалдатуу жолу менен мамлекеттик кесиптик милдеттерин аткарууда аларды коргоону камсыз кылат.

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн өзгөчө тартиби колдонулган адамдардын категорияларына кылмыш ишин козгоо жөнүндө чечимди Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору кабыл алат. Кызмат адамдарынын айрым категориясын кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу үчүн КР КЖПК 497-беренесинде көрсөтүлгөн органдардын макулдугу талап кылынат. Эгерде бул органдардан макулдук алынбаса, кылмыш куугунтуктоо токтотулат.

КР КЖПК 27-беренесинин 4 жана 6-бөлүктөрүнө киргизилген өзгөртүүлөр кылмыш куугунтугун токтотуунун негиздерине байланыштуу.

Жосундун декриминалдашуусу мыйзамда каралгандыктан, айыпталуучунун эркин аныктоонун зарылчылыгы жок. Ошондой эле салттуу түрдө кылмыш куугунтугун токтотуунун реабилитациялоочу негиздерине жосундун кылмыштуулугун жокко чыгаруучу негиздер киргендигин эске алуу менен, кылмыштын окуясы болбосо, жосунда кылмыштын курамы жок болсо, кылмышка шектүүнүн же айыпталуучунун тиешеси жок экендиги аныкталса, соттук териштирүүдө прокурордун айыптоону колдоодон баш тартуусу реабилитациялоочу жагдайлар менен байланыштырылууга тийиш экендигин белгилейбиз.

КР КЖПК 31-беренесинин 1-бөлүгүнө өзгөртүүлөр кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык келтирүүгө байланыштуу: 5-1-пунктунда – КР КЖК 71-беренесине ылайык; 5-2-пунктунда – КР КЖПК 5-беренесине ылайык.

Мыйзам долбоорунда аны өзүнчө процессуалдык статуска же башкача түрдө «субстатуска» бөлүү аракети менен «коргоого укуктуу күбө» сыяктуу процессуалдык түшүнүк киргизилет. Бул ченем тараптардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн негизинде аны андан ары дифференциялоо жана гумандаштыруу багытында ата мекендик кылмыш-жаза сот өндүрүшүн өнүктүрүүнүн жаңы векторун аныктайт.

Териштирилип жаткан окуяга адамдын катышуусу бар экендигин көрсөткөн маалыматтардын болушу аны тергөөнүн жүрүшүнө жана жыйынтыгына активдүү таасир этүүгө жөндөмдүү, анын таламдарын коргогон катышуучунун абалына коет. Ошол эле учурда, бул атайын чечимди: коргоого укуктуу күбө катары таануу жөнүндө токтомду чыгаруу менен анын процессуалдык статусун белгилөө зарылчылыгын билдирет.

Белгилей кетсек, англосаксондук укук системасынын өлкөлөрүнүн кылмыш процессинде соттолуучу көрсөтмө берүүгө макул болсо, ага карата күбөнү суракка алуу тартиби колдонулат жана ал жалган көрсөтмө бергендиги жана соттун суроолоруна жооп берүүдөн баш тартканыгы үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат. Ошентип,

англосаксондук кылмыш-процессуалдык мыйзам шектүүнүн же айыпталуучунун көрсөтмөлөрүн өз алдынча далил булагы катары бөлүп көрсөтпөйт. Алардын көрсөтмөлөрү далил катары каралат. Бирок, күбө айыптоочу суроолорго жооп берүүдөн баш тартууда «унчукпоо артыкчылыгын» сактап калат.

Ушундай эле ыкма көрсөтмө берүүгө укуктуу күбөнүн макулдугу менен ата-мекендик кылмыш-жаза процессинде да колдонууга тийиш деп эсептейбиз. Көрсөтмө берген адамдын негизги артыкчылыгы болуп «өзүн-өзү айыптоого каршы артыкчылык» саналат, ал адамдын айыптоочу далилдерди берүүдөн же айыптоочу мүнөздөгү суроолорго жооп берүүдөн баш тартуу укугунан турат. Ошол эле учурда, эгерде көрсөтмөлөр адамдын кылмыш жасоодо күнөөлүү деп табылышы мүмкүн болгон маалыматтарды камтыса же башка далилдер менен бирге күнөөнүн кыйыр далили болуп саналса, айыптоочу болуп саналат. Эгерде жооп кылмышты айыптоого алып келсе, анда суроо айыптоо болуп саналат. Адам өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө же өзүнө каршы айыптоочу далилдерди берүүгө милдеттүү эмес, бул сот адилеттигин ишке ашыруунун жалпы таанылган дүйнөлүк стандарттарына толук жооп берет.

Ошол эле учурда күбөгө «кол тийбестик» берүү анын көрсөтмөлөрүнөн алынбаган далилдердин негизинде кылмыш жоопкерчилигине тартуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбайт, ал эми эгерде анын тергелип жаткан окуяга катышкандыгы далилденсе, ал шектүү деген статуска ээ болот.

Ошентип, коргоого укугу бар күбө аны катардагы күбөдөн бөлүп турган өзүнүн укуктук статусуна ээ жана азыркы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин жаңы ченем менен толуктоо аркылуу өз алдынча укуктук жөнгө салууну талап кылат.

Жогоруда келтирилген оңдоолордон сырткары мыйзам долбоору кылмыш-жаза мыйзамдарынын башка ченемдерине ылайык келтирүү максатында КР КЖПК 5, 62, 100, 107, 109, 112, 119, 270, 280, 431, 432, 433, 455, 456, 476-беренелерине мыйзам долбоор менен редакциялык мүнөздөгү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип жатат.

Мыйзам долбоорунда кылмыш-жаза мыйзамына да өзгөртүүлөр киргизилет. КР КЖК 71 жана 280-беренелерине редакциялык мүнөздөгү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип жатат.

Долбоордо КР КЖК 168-беренесинде көрсөтүлгөн жаза чаралары Кыргыз Республикасынын жарандарына гана колдонулуп, оорчулуктар жаралып жаткандыгына байланыштуу, пробациялык көзөмөлдү колдонуу сунушталууда.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин мыйзамда каралгандан жеңилирээк жаза белгилөө жөнүндө ченем менен толуктоо сунушталууда.

Сунуш кылынган берененин жоболору жагдайлардын өзгөчөлүгү менен байланыштырылууга тийиш, алардын мааниси жалпы негиздер боюнча эмес, жазаны белгилөөнүн башкача жол-жобосун талап кылат. Соттук практика өзгөчө жагдайлар жосундун коомдук коркунучтуулугунун жалпы сыпаттамасынын негизинде эмес, тигил же бул ишке мүнөздүү жана ар бир иш боюнча жекече баа берүүнүн предмети болгон конкреттүү жагдайларды эске алуу менен аныкталат деген позицияны карманат.

Өзгөчө жагдайлар деп жосундун коомдук коркунучтуулук деңгээлин кыйла төмөндөткөн иштин өзгөчө жагдайлары, ошондой эле күнөөкөрдүн инсандыгы түшүнүлөт. Өзгөчө жагдайлар болгон учурда сот КР КЖК Өзгөчө бөлүгүнүн берененин санкциясынын төмөнкү чегинен чыгуу менен анча оор эмес жазаны (аны жеңилдетүү) белгилөө жөнүндө чечим чыгарышы мүмкүн.

Мыйзамда бул ченемдин болушу иш жүзүндө оң натыйжа берет, анткени ал жосундун жана күнөөлүүнүн инсандыгынын типтүү эмес коомдук коркунучун эске алууга жана адилеттүү жазага тартууга мүмкүндүк берет.

Сунуш кылынган мыйзам долбоорунда Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү да каралган.

Маселен, акыркы учурда мас абалындагы айдоочулар тарабынан жол-транспорт кырсыгынын фактылары тез-тез катталып, алкоголдук ичимдиктерди ичип алып унаа башкаргандар үчүн жазаны күчөтүүнү талап кылууда.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча, 2022-жылдын үч айында 3766 мас абалында унаа башкарган айдоочу аныкталган. Бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15%га көп.

Буга байланыштуу мыйзам долбоорунда алкоголь, баңгизат, психотроптук жана башка маң кылуучу заттар менен мас абалындагы айдоочунун транспорт каражатын башкаруу укугунан бир жылдык мөөнөткө ажыратуу түрүндөгү жазаны күчөтүү сунушталууда.

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинде ыйгарым укуктуу органдар тарабынан укук бузуулар жөнүндө иштерди кароодо соттун чечимдерин аткаруу, тартипти орнотуу жана одоно бузууларды болтурбоо максатында соттун жеке аныктамасы боюнча чара көрбөгөндүгү үчүн жоопкерчиликти караштыруу сунушталууда.

Мындан тышкары, тергөөнүн сапатын жогорулатуу максатында, мыйзамсыз камакка алууларды жана адам укуктарын бузууларды болтурбоо максатында, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 999-беренесинде каралган алгачкы текшерүү, алдын ала тергөө, прокуратура жана сот органдарынын мыйзамсыз аракетинен улам келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик жөнүндө ченемге өзгөртүүлөр киргизилүүдө.

**3. Мүмкүн болгон социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Мыйзам долбоорун кабыл алуу эч кандай социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык же коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуунун жыйынтыгы тууралуу маалымат**

Бул Мыйзам долбоору «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык коомдук талкуулоо максатында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун расмий сайтында жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталында 2022-жылдын ____ апрелинен 2022-жылдын ____ майына чейин жайгаштырылган.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкеш келишине талдоо жүргүзүү**

Сунушталган долбоор колдонуудагы мыйзам ченемдерге жана белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген эл аралык келишимдерге карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул Мыйзам долбоорду кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча каржылоону талап кылбайт.

**7. Жөнгө салуучулук таасирин талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор жөнгө салуучулук таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку сотунун төрагасы** **З.Базарбеков**